5. Дзиов А.Р. Итоги последних десятилетий развития Шадринского государственного педагогического университета // Вестник Шадринского государственного педагогического университета / А.Р. Дзиов. – 2024. №3 (63). – С 9. URL: https://elibrary.ru/item.asp?id=75192233 (дата обращения: 29.09.2025)
6. Басюк В.С., Казакова Е. И., Брель Е. Ю. Основы педагогики и психологии: учебник для 10-11 классов. В 2-х частях. / В.С. Басюк. – М.: Просвещение, 2024. – 240с.
7. Дзиов А.Р., Соколова Е.А. Актуальные вызовы и возможности развития высшего педагогического образования в российской провинции (на примере Шадринского государственного педагогического университета) //Современное образование: традиции и инновации. – Материалы международной научно-практической конференции. В 2-х частях. Том. Часть 1. Теоретико-методологические аспекты / А.Р. Дзиов. – Шадринск: ШГПУ, 2020г. – 323с. URL: https://elibrary.ru/item.asp?id=43023006&pff=1 (дата обращения: 29.09.2025)

УДК 37.01 DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.463

## ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАДА АТА-ЭНЕЛЕР МЕНЕН ИШТӨӨНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Досматова Лира Абдыбахаповна*
*Orcid: 0009-0002-2006-3255*
*Улук окутуучу*
*Инновациялык технологиялар жана энергетика институту,*
*Жалал-Абад облусу Таш-Көмүр шаары Кыргыз Республикасы.*
*e-mail: lira65458@gmail.com*

## ОСОБЕННОСТИ РАБОТЫ С РОДИТЕЛЯМИ В ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ПРАКТИКЕ

*Досматова Лира Абдыбахаповна*
*ORCID: 0009-0002-2006-3255*
*Старший преподаватель,*
*Институт инновационных технологий и энергетики,*
*г. Таш-Кумыр, Джалал-Абадская область, Кыргызская Республика.*
*e-mail: lira65458@gmail.com*

## FEATURES OF WORKING WITH PARENTS IN PEDAGOGICAL PRACTICE

*Lira A. Dosmatova*
*ORCID: 0009-0002-2006-3255*
*Senior Lecturer,*
*Institute of Innovative Technologies and Energy,*
*Tash-Kumyr city, Jalal-Abad region, Kyrgyz Republic.*
*e-mail: lira65458@gmail.com*

### *Аннотация*

Бул макалада педагогикалык практика учурунда практиканттын мектеп-үй мамилеси, баланын социалдык-педагогикалык өнүгүүсүнүн, окуу жетишкендигинин жана мектептик адаптациясынын негизги ресурсу болуусун. Ата-эне менен кызматташуу педагогикалык процесстин маанилүү компоненти катары каралып, ал кызматташуу ар кандай методологиялык негиз катары илимий-методикалык принциптерде жана формада болоору, ошондой эле ата-энелер менен системалуу жана илимий негизделген иш жүргүзүү мектептин тарбиялык потенциалынын кеңейишине, окутуунун сапатынын жогорулашына шарт

түзүүсүнүн иш-амалдардын методологиялык принциптери — субъектилердин кызматташтыгы, индивидуалдаштыруу жана системалуулук — теориялык негиздери, практикалык импликациялары жана изилдөөлөр тарабынан тастыкталган далилдери менен бирге баяндалат.

**Ачкыч сөздөр:** ата-эне, билим берүү процесси, педагогикалык практика, окуу жетишкендик, кызматташтык, иш-амалдар.

***Аннотация***

В данной статье рассматривается то, как во время педагогической практики работа практиканта со школой и семьей становится ключевым ресурсом для социально-педагогического развития ребенка, его учебных достижений и школьной адаптации. Сотрудничество с родителями рассматривается как важный компонент педагогического процесса. Описывается, что такое сотрудничество, основанное на научно-методических принципах и осуществляемое в различных формах, служит различной методологической основой. Также излагаются, вместе с подтверждающими их исследованиями, теоретические основы, практические последствия и доказательства методологических принципов деятельности – сотрудничества субъектов, индивидуализации и системности – которые обусловливают то, что системная и научно обоснованная работа с родителями способствует расширению воспитательного потенциала школы и повышению качества обучения.

**Ключевые слова:** родители, образовательный процесс, педагогическая практика, учебные достижения, сотрудничество, виды деятельности.

**Abstract**

This article examines how, during teaching practice, the intern's work with the school and family becomes a key resource for the child's socio-pedagogical development, academic achievement, and school adaptation. Cooperation with parents is considered an important component of the educational process. The article describes how this cooperation, based on scientific and methodological principles and implemented in various forms, serves as a diverse methodological foundation. It also outlines, along with research-backed evidence, the theoretical foundations, practical implications, and methodological principles of activities—such as collaboration between subjects, individualization, and systematicity—which ensure that systematic and scientifically-grounded work with parents leads to the expansion of the school's educational potential and an improvement in the quality of instruction.

**Keywords:** parents, educational process, teaching practice, academic achievement, cooperation, activities.

## Киришүү

Жогорку педагогикалык билим берүүдө ата-энелер менен иштөөнүн натыйжалуулугун камсыз кылуу – педагогикалык практиканын маанилүү багыттарынын бири. Мектеп менен үй-бүлөнүн өз ара кызматташуусу билим берүү процессинин мазмунун тереңдетип, баланын социалдык-психологиялык өнүгүшүнө оң таасир тийгизет. Мында негизги көңүл педагогикалык методологиялык принциптерге бурулат, анткени алар ата-энелер менен иш алып баруунун багытын аныктап, практикалык ишмердүүлүктүн илимий негизде курулушун камсыздайт.

Билим берүү системасында мугалим, окуучу жана ата-эне үчилтиги өз ара тыгыз байланышта иш алып барганда гана тарбия менен окутуу процесси натыйжалуу болот. Айрыкча заманбап коомдо баланын тарбиясы үй-бүлөдө башталып, мектепте уланууучу үзгүлтүксүз процесс катары бүгүн эле каралып калган эместигин биз Чех педагогу Я. А. Коменский өзүнөн мурдагы окумуштуулардын жана үй-бүлөдөгү тарбия тажрыйбаларын пайдаланып, биринчилерден болуп мектепке чейинки курактагы балдарга үй-бүлөдө тарбия-таалим берүү жөнүндөгү (1629–32-ж.) ойлорун педагогика чыгармаларында жазгандыгы далил боло алат [1]. Ошондуктан ата-энелердин мектеп менен кызматташтыгы жана алардын билим берүү процессине активдүү катышуусу бүгүнкү күндө озүнүн зарылдыгын жогото элек.

Студент-практикант үчүн педагогикалык практика – бул теорияда алган билимин иш жүзүндө сынап көрүү гана эмес, ошондой эле ата-энелер менен байланыш түзүүнүн өзгөчөлүктөрүн үйрөнүүчү маанилүү баскыч экендиги 550700 Педагогика багытынын стандартында [2] Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин милдеттеринин “Уюштуруу-башкаруу ишмердиги” жаатында белгиленгендей: кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерин чечүү үчүн коомдук жана билим берүү уюмдары, балдар жамааттары жана ата-энелер менен өз ара аракеттенүүнү уюштуруу көндүмүнө ээ болуусу ачык айкын белгиленген. Бул кесиптик ишмердүүлүктүн калыптануусу түздөн түз студенттин практика өтөө учурунда калыптануусу талашсыз, себеби окуу жай шартында бул көндүмдүн калыптанышы мүмкүн эместиги баарыбызга маалым. Студенттердин ата-энелер менен иштөөсү баардык практика учурунда оңой жүрбөйт, анткени ар бир үй-бүлөнүн өзүнүн маданияты, көз карашы жана кызыкчылыктары болуп өтө жогорку педагогикалык-психологиялык жекелик ишти талап кылат. Бирок ошентсе да мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн ажырагыс бөлүгү катары– ата-эне менен болгон конструктивдүү түздөн түз байланыш түзү керектиги талашсыз экендигин белгилеп макаланын максаты катары – педагогикалык практика учурунда ата-энелер менен иштөөнүн формаларын жана өзгөчөлүктөрүн илимий-методикалык жактан талдоо, ошондой эле студент үчүн пайда болгон тажрыйбалык көндүмдүн маанисин тереңдигин белгилөө.

**Изилдөөнүн методологиясы**

Изилдөөнүн теориялык негиздери педагогика илиминдеги «үй-бүлө – мектеп – коом» системасына таянып, баланын өнүгүүсүндө бул үч фактордун өз ара байланышынын ролун ачып береүү. Ата-эне менен кызматташуу педагогикалык процесстин маанилүү компоненти катары каралып, ал кызматташуу ар кандай формада мисалы жеке, жамааттык жана онлайн байланыш аркылуу ишке ашырылуу методологиялары изилденди.

Методологиялык негиз катары төмөнкү илимий-методикалык принциптер колдонулат:

1. **Субъектилердин кызматташтыгы принципи** – мугалим, окуучу жана ата-эне үч илтиги бирдиктүү треангуляциясы кызматташуу принциби процесстин ажырагыс бири-биринен көз каранды өнөктөштөрү.
2. **Индивидуалдаштыруу принципи** – ар бир ата-эне менен иштөөнүн өзгөчө жекелик писхологиялык портрети түзүлүп, анализденип ал талдоо негизинде жекелик мамилеси болушу керек.
3. **Тарбиялык процесстин системалуулугу** – ата-энелер менен байланыш үзгүлтүксүз жүргүзүлүшү зарыл.

Изилдөө методдору катары байкоо, сурамжылоо жана документтерди талдоо колдонулду. Практика учурунда студент-практикант ата-энелер жыйынына катышып, окуучулардын жүрүм-туруму боюнча ата-энелер менен пикир алмашып, ошондой эле электрондук журнал аркылуу онлайн байланыш түзүп тажрыйба топтойт.

**Негизги талдоо бөлүгү**

**Субъектилердин кызматташтыгы принциби**

Ата-энелер менен иштөөнүн методологиялык негизи катары субъектилердин кызматташтыгы өзгөчө орунду ээлейт. Билим берүү процессинде үч негизги субъект – мугалим, окуучу жана ата-эне – треангуляциялык моделдин (“үч бурчтук”) катышуучулары катары бири-биринен ажырагыс өнөктөштөр болуп саналат.

Бул принципке ылайык, ата-эне билим берүү процессинде пассивдүү байкоочу эмес, активдүү катышуучу катары каралат [3].

Кызматташтык мамилелер өз ара урматтоого, диалогко жана ишенимге негизделиши зарыл.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, ата-эне менен мугалимдин үзгүлтүксүз байланышы баланын академиялык ийгилигин жана социалдык адаптациясын жогорулатат [4].

Ата-энелер менен иштөөнүн дагы бир маанилүү негизи – индивидуалдаштыруу принциби. Ар бир ата-эненин жекелик психологиялык портретин түзүү жана аны анализдөө аркылуу натыйжалуу педагогикалык стратегия иштелип чыгат.

Ар бир үй-бүлөнүн тарбиялык потенциалы, маданий баалуулуктары жана социалдык шарттары айырмаланат. Ошондуктан, педагог ар бир ата-эне менен жекелик мамилеге ээ болушу зарыл [5].

Индивидуалдаштырылган мамиле ата-эненин билим берүү процессине кызыгуусун арттырып, үй-бүлөнүн баланын өнүгүшүнө болгон колдоосун күчөтөт [6].

Психологиялык-педагогикалык практиканын далилдери ата-энелер менен иштөөнү универсалдуу ыкмалар аркылуу эмес, үй-бүлөлүк муктаждыктарга жараша уюштуруунун натыйжалуу экенин айгинелейт.

Ата-энелер менен иштөөнүн дагы бир маанилүү принциби – Тарбиялык процесстин системалуулугу. Тарбиялык иш үзгүлтүксүз жана бирдиктүү процесс катары уюштурулушу керек.

Системалуулук принципи ата-энелер менен байланыш бир жолку иш-чаралар менен чектелбей, туруктуу байланыш аркылуу ишке ашырылышын талап кылат [7].

Бул үзгүлтүксүздүк ата-эненин мектеп ишмердүүлүгүнө ишенимин бекемдеп, мугалим менен үй-бүлөнүн ортосундагы мамилени бекемдейт.

Практикада бул принципти ишке ашыруу үчүн ата-энелер менен жолугушуулар, тренингдер, онлайн-коммуникация жана биргелешкен долбоорлор сыяктуу ар түрдүү формаларды колдонуу сунушталат.

Педагогикалык практика учурунда ата-энелер менен иштөө ар кандай формада уюштурулат жалпылап алганда жекелик же жамааттык баарлашуу формасында өткөрүлөт. Студенттин билим алуу процессинде бул кесиптик ишмердигин аткарууга багытталган компетенцияларды - калыптандырууда калыптанышы керек, буга мисал болуп жогорку кесиптик билим берүү мамлекеттик билим берүү стандартында [2] инструменталдык компетенцияларга: таануу-билүү жөндөмдүүлүгү (когнитивдик), б.а. идеяларды жана маселелерди түшүнүү жана колдонуу жөндөмү; методологиялык жөндөмдүүлүк, айлана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу, убакытты уюштуруу, чечим кабыл алуу жана маселелерди чечүү стратегияларын түзүү; технологиялык көндүмдөр, техниканы колдонуу, компьютердик билимдер жана маалыматты башкаруу жөндөмдүүлүгү; лингвистикалык көндүмдөр, баарлашуу компетенциялары жана ага тиешелүү негизги көндүмдөр калыптанат. Бул өз учурунда практикантка ата-энелер менен иштөөдө керектүү жөндөмдөрдөн болуп саналат.

Ата-энелер менен иштөөнүн негизги формаларына кайрылсак.

Жеке баарлашуу-Мугалим же практикант менен ата-эне ортосундагы индивидуалдуу сүйлөшүүлөр окуучунун жетишкендигин, жүрүм-турумун же кызыгуусун талкуулоого шарт түзөт. Студент-практикант мындай баарлашууда ата-энеге кеңеш берүү көндүмүн калыптандырат.

Жамааттык иш-аракет-Ата-энелер жыйыны, мектептик иш-чаралар жана семинарлар – бул ата-энелердин жамааттык катышуусун камсыз кылуучу формалар. Практика учурунда мындай иш-чаралар студентке уюштуруучулук жөндөмүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Онлайн байланыш-Заманбап билим берүүдө ата-энелер менен электрондук журнал, социалдык тармактар же мессенжерлер аркылуу байланышуу кеңири колдонулат. Бул ыкма убакытты үнөмдөөгө жана маалыматты ыкчам жеткирүүгө ыңгайлуу.

Практиканын негизинде төмөнкү методикалык сунуштарды чыгарууга болот:

1. Ата-энелерди билим берүү процессинин өнөктөшү катары карап, аларды окутуу жана тарбия иштерине активдүү тартуу.
2. Сүйлөшүүдө түшүнүктүүлүк, тактык жана сылыктык принциптерин сактоо.
3. Иш-чараларды уюштурууда ата-энелердин мүмкүнчүлүгүн жана кызыкчылыгын эске алуу.
4. Ар бир ата-эне менен иштөөдө индивидуалдуу мамиле жасоо.
5. Онлайн байланыштын мүмкүнчүлүктөрүн туура колдонуп, бирок жеке баарлашууну да унутпоо.

Практика учурунда ата-энелер менен иштөөдө бир катар өзгөчөлүктөр байкалат:

Ата-энелердин активдүүлүгү жана кызыгуусу ар кандай деңгээлде болот. Айрымдары мектеп менен тыгыз кызматташса, башкаларына кошумча стимул керек. Жогоруда айтылган мамеледен ата-энелерди төмөнкү эки категорияга бөлүүгө болот алар:

Биринчиси -активдүү жана экинчиси-пассивдүү.

Педагогикалык практикадагы бул эки категорияга портреттик анализ жүргүзсөк төмөнкүдөй психолого-педагогикалык жыйынтык чыгарууга болот.

Бул анализ ата-энелердин мектеп менен болгон өз ара аракетин жана балага болгон көз карашындагы негизги айырмачылыктарды сүрөттөйт.

Активдүү ата-энелер – бул билим алуу процессинин активдүү катышуучулары. Алар баласынын окуу жана тарбиялоо жолунда "өнөктөш", тең автор. Алар ишенимдүү, жоопкерчиликтүү жана баласынын ишине кызыкдар болушат.

Алардые негизги белгилерине Инициативдүүлүк б.а. алар мектептен байланышты күтпөстөн, өз алдынча байланышат, суроолорду, өтүнүчтөрдү беришет, окуу жана тарбия процессине байланыштуу сунуштарды алышат.

Ошол эле учурда окуу процессине жоопкерчиликтүү мамиле жасашып, баласынын билим алуусуна, анын ийгиликтерине же жаралган көйгөйлөрүнө өз жоопкерчилигин сезишет, баласынын окуган предметтерди, сынактарды так билишет. Баласы менен кошо окууга даярданышат. Мугалим менен биргелешип иштөөнү көздөйт жана келишпестиктерди эмес, чечимдерди издешет.

Активдүү ата-энелер баласынын күн тартибин пландаштырышат, үй тапшырмасын текшеришет, бирок аны аткарууга мажбурлашпайт, тескерисинче, мотивациялоону, көндүрүүнү колдонот, себеби: алар баласына, анын жөндөмдүүлүгүнө жана мугалимдин адистигине ишеним көрсөтөт.

Педагог практикант үчүн: Активдүү ата-энелер – бекем дөөмөт. Алар мугалимдин ишин жеңилдетет, бирок бир мезгилде жогорку талап коюшат. Алар менен иштөө татаал, бирок натыйжалуу, анткени ал өз ара ишенич жана ынтымак негизинде курулуучу механизминин бир бөлүгү.

Ал эми пассивдүү ата-энелер – билим алуу процессинен озүнчө бөлөк турган байкоочулар сыяктуу деп мүнөздөөгө болот. Себеби: алар үчүн мектеп – баласын "берүүчү" жана "кабыл алуучу" милдеттүү мекеме катары кабыл алышат. Алардын негизги милдети – баланы мектепке берүү жана анын "орто эсептик билим алуудагы бааланган баасы" жөнүндө маалымат алып туруу жетиштүү- деп эсептешип баласынын окуу процессине катышууну приоритет катары көрүшпөйт.

Пассивдүү ата-энелерин негизги белгилерине- кош көңүл мамиледен байкасак болот б.а. аларды мектепке чогулушка чакырылган учурда гана жооп бериши (мисалы, баланын мектептеги окуу же жүрүм турумуна байланышкан көйгөйү ырбап кеткен учурда). Өз алдынча класс жетекчи же мектеп администрациясы менен биринчилерден болуп байланышпайт (окуучу баласы тууралуу кабар албайт). Өз учурунда алар баласынын ийгиликсиздигин мектепке, мугалимге же өзүнүн баласына ("сен өзүң аракет кылбайсың"), "Сиз мектепсиз, сиз тарбиялашыңыз керек" – алардын негизги позициясы күнөөнү же жоопкерчиликти өздөрүнөн которууга ылайыкташат. Алар баласынын окугандыры, мектептеги окуялар жана психологиялык абалы жөнүндө терең билбейт жана кызыкпайт. "Баары жакшыбы?" деген суроого "жакшы" деген жооп кайтарышат бул жооп баласынын окуу, тарбиясы тууралу маалыматка кызыкчылыктын жоктугу. Билим берүү мекемеси менен кызматташпайт, тескерисинче, аны өзгөчө дүйнө катары карашат. Мугалимдин сунуштарын колдобойт жан көпчүлүк учурда колдоо көрсөтпөйт. Окуу баласына көзөмөл же көз карандысыздыкты кеңири берип коюшу эки чектеги мамиле: баланы толук көзөмөлгө албай окуучу баласынын үй тапшырмасын өзү аткаруусу же толук көз карандысыздыкты берип "өзү билсин, чоң киши"позициясын кармануусу. Бул позиция баласынын жөндөмдүүлүгүнө ишенбестиги же ага көңүл бурбастыгынын белгиси.

Педагог же практикант студент үчүн пассивдүү ата-энелер менен иштөө – эң татаал милдет. Алардын баласына жардам берүү үчүн мугалимге кошумча күч жана чыдамкайлык

талап кылынат, анткени окутуу жана тарбиялоо процессинде бирден бир ажырагыс өнөктөш болгон үй-бүлөлүк тарапта колдоогнун жоктугу.

Жогорудагы берилген анализди 1-таблицадан көрүп салыштырма анализ жүргүзүүгө болот.

Таблица 1.

АКТИВДҮҮ ЖАНА ПАССИВДҮҮ АТА-ЭНЕЛЕРДИ АНАЛИЗДӨӨДӨ САЛЫШТЫРМА ТАБЛИЦАСЫ

| КРИТЕРИЙЛЕР | АКТИВДҮҮ АТА-ЭНЕЛЕР | ПАССИВДҮҮ АТА-ЭНЕЛЕР |
|---|---|---|
| Мектеп менен байланыш | Инициативдүү, тынымсыз, конструктивдүү | Реактивдүү, жок дегенде, формалдуу |
| Жоопкерчилик | Өз жоопкерчилигин сезишет, ынтымакташат | Жоопкерчиликти мектепке же балага которушат |
| Балага кызыгуу | Баланын ички дүйнөсүнө кызыгуусуна багытталган | Балысынын кызыгуусуна (баа, тапшырма), маани бербөөсү |
| Мугалим менен мамилеси | Өнөктөш, кызматташ | Каршы турган тарап же кайдыгерлик мамилеси |
| Үй тапшырмасына мамиле | Жетекчилик, жардам, мотивация | Толук көзөмөлдөө же толук көз карандысыздык |
| Негизги девизи | "Биз балабызга кандай жардам бере алабыз?" | "Эмне үчүн мектеп ага эч нерсе үйрөтпөйт?" же "Ал өзү эч нерсеге кызыкпайт." |

Жогорудагы 1-таблицадан практикант студент ата-энелердин активдүүлүк же пассивдүүлүк позициясын – ата-энелердин убактысынын жетишсиздигинен гана эмес, мектепке, билимге жана өз баласына болгон жалпы көз карашынан келип чыгуучу процес катары таануусу керек. Педагогикалык практиканын анын ичинде ата-энелер менен иш алып баруу маанилүү милдеттеринин бири экендигин – пассивдүү ата-энелерди активдүү өнөктөштөргө айлантууга умтулуу жана алардын кызыгууларын ойготуу педагог пассивдүү ата-энелер мугалимдин бирден бир милдети экендигин түшүнүү жана практика өтөө учурунда бул көндүмгө маани берүүсү болуп саналат.

Педагог практиканттын практика учурунда ата-энелер менен байланыштын ийгиликтүүлүгү практиканттын теориялык окуу процеси учурунда калыптануучу коммуникациялык компетенциялык маданиятынан көз каранды. Ошондуктан ЖОЖ педагогдорду даярдоодо комуникативдик компетенциякалыптануусуна чоң маани берүүсү абзел себеби бул копетенция аркасында туура тандаган сөздөр, сылык мамиле жана түшүндүрүү жөндөмү калыптанып студенттин ата-энелер жана окуучулар менен баарлашуу, пикир алмашуусунда чоң роль ойнойт.

Ар дайым студент практиканттын эсинде болууга тийиш нерсе -баардык ата энелер идиеалдуу эмес себеби ата-энелердин мектепке болгон мамилеси ар дайым сынчыл же шектенүүчүлүк менен коштолот. Студент үчүн мындай кырдаалды муздак кандуулук (эмоцияга жана провокацияга өзүн алдырбоо) талерантуулук менен туура башкарууга

үрөнүүсү келечектеги иш тажрыйбасына педагогикалык практика чоң тажрыйба алуу сереси болуп саналат.

**Жыйынтык**

Педагогикалык практика студентке ата-энелер менен иштөөдө баалуу тажрыйба топтоого мүмкүнчүлүк берет. Ата-энелер менен кызматташуу – бул билим берүү сапатын жогорулатуунун жана баланын гармониялуу өнүгүшүн камсыз кылуунун маанилүү фактору.

Илимий-методикалык талдоонун негизинде төмөнкү тыянактарга келүүгө болот:

Ата-энелер менен иштөө мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн маанилүү бөлүгү болуп саналат.

Практика учурунда ата-энелер менен жеке, жамааттык жана онлайн байланыш формаларын айкалыштыруу натыйжалуу болот.

Ата-энелер менен иштөөнүн өзгөчөлүгү алардын активдүүлүгүнө жана мугалимдин коммуникациялык чеберчилигине түздөн-түз байланыштуу.

Студент-практикант бул процессте педагогикалык мамилелерди терең түшүнүп, келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүндө ата-энелер менен кызматташуу көндүмдөрүн өркүндөтөт.

Жыйынтыктап айтканда, педагогикалык практика – бул студенттин теориялык билимин бекемдеп, ата-энелер менен иштөөдө методикалык тажрыйбасын калыптандырган, мугалимдик кесипке болгон даярдыгын жогорулаткан маанилүү этап.

Макалада келтирилген анализдин натыйжасында студенттик практиканын негизинде төмөнкү методикалык сунуштар берилет:

- Ата-энелерди билим берүү процессинин өнөктөшү катары карап, аларды окутуу жана тарбия иштерине активдүү тартуу.
- Сүйлөшүүдө түшүнүктүүлүк, тактык жана сылыктык принциптерин сактоо.
- Иш-чараларды уюштурууда ата-энелердин мүмкүнчүлүгүн жана кызыкчылыгын эске алуу.
- Ар бир ата-эне менен иштөөдө индивидуалдуу мамиле жасоо.
- Онлайн байланыштын мүмкүнчүлүктөрүн туура колдонуп, ошол эле учурда жеке баарлашууну да унутпоо.

**Колдонулган адабияттар**

1. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Кыргыз педагогикасы (энциклопедиялык окуу куралы). - Б.: 2004
2. Бакалавр квалификациясынын 550700 Педагогика багытынын 21.09.2021-ж № 1578/1 бекитилген “Жогорку кесиптик билим берүү мамлекеттик билим берүү стандарты”
3. Epstein, J. L. (2018). School, Family, and Community Partnerships: Preparing Educators and Improving Schools. Routledge. GovInfo
4. Henderson, A. T., & Mapp, K. L. (2002). A New Wave of Evidence: The Impact of School, Family, and Community Connections on Student Achievement. Southwest Educational Development Laboratory. sedl.org
5. Bronfenbrenner, U. (1994). Ecological Models of Human Development. International Encyclopedia of Education. NCJ
6. Fan, X., & Chen, M. (2001). Parental Involvement and Students' Academic Achievement: A Meta-Analysis. Educational Psychology Review, 13(1), 1–22. eric.ed.gov+1
7. Hoover-Dempsey, K. V., & Sandler, H. M. (1997). Why Do Parents Become Involved in Their Children’s Education? Review of Educational Research, 67(1), 3–42. journals.sagepub.com+1
8. Rim, D. et al. (2024). *Quality of parent–child interaction in underserved migrant and local populations in Kyrgyzstan.* (эмпирикалык изилдөө). PMC